**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ
ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Ж.БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

**Д 13.20.623 диссертациялык кеңеши**

***Кол жазма укугунда***
***УДК37;37.02;37.022;8;82;82.0***

**МУЗУЛМАНОВ МЕЛИСБЕК УЗЕНОВИЧ**

# МЕКТЕПТЕ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНАН КЛАССТАН ТЫШКАРКЫ ОКУУНУ УЮШТУРУУНУН ЖАНА ӨТКӨРҮҮНҮН МЕТОДИКАСЫ

**13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы
менен методикасы (кыргыз адабияты)**

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2021**

Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин филологиялык билим берүү технологиялары кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчи:** **Муратов Абдыкерим Жаркынбаевич** педагогика илимдеринин доктору, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын профессору

**Расмий оппоненттер:** **Рысбаев Сулайман Казыбаевич** педагогика илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз билим берүү академиясынын көп тилдүү билим берүү жана адабият лабораториясынын башкы илимий кызматкери

**Шералиева Анара Жолдошбековна** педагогика илимдеринин кандидаты, М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономика университетинин кыргыз-орус тилдер кафедрасынын доценти

**Жетектөөчү мекеме:** Жалал-Абад мамлекеттик университетинин башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы, педагогика жана психология кафедралары. Дареги: 715600, Жалал-Абад шаары, Эркиндик көчөсү-57.

Диссертациялык ишти коргоо 2021-жылдын 21-майында саат 13:00дө И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илиминин доктору (кандидаты) жана психология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 13.20.623 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот. Дареги: 720023, Бишкек ш., 10-кичи району, Саманчин көчөсү, 10 а.

Диссертациянын коргоосунун онлайн трансляциялоонун идентификациялык коду https://vc.vak.kg/b/d13-twl-1v3-x7g

Диссертациялык иш менен диссертациялык кеңеши бар мекемелердин китепканаларынан И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети (Бишкек ш., Раззаков көчөсү, 51), Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети (Бишкек ш., Фрунзе көчөсү, 547), Кыргыз билим берүү академиясы (Бишкек ш., Эркиндик бульвары, 25) жана http:arabaev.kg/do.kg сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2021-жылдын 21-апрелинде таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**педагогика илимдеринин кандидаты, доцент** _____ **Омурбаева Д.К.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Кыргызстанда ааламдашуунун таасиринен улам жаш адамдын руханий-маданий дүйнөсүндө, аң-сезиминде «батыштык» таасирлер күчтүү көрүнүп, мектеп окуучуларынын китеп окууга, анын ичинде адабий чыгармаларга кызыгуулары кескин төмөндөп кетти. Бул тууралуу КР Президенти С.Н.Жапаровдун «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы» жөнүндөгү жарлыгында кеңири айтылып, алдыга милдеттер коюлду. Окуучулардын билимин баалоо боюнча эл аралык изилдөө борбору (PISA) Экономикалык кызматташтык жана өнүгүү программасынын алкагында 2000-жылдан бери үч жылда бир жолу сунуш кылынган өлкөлөрдүн айрым мектептериндеги 15 жаштагы окуучуларынын билимин жана ошол алган билимдин негизинде жетишилген компетентүүлүктөрүн изилдеп, окуучулардын окурмандык кызыгууларын жана сабаттуулугун текшерген, анын жыйынтыгында 2006-жылы 57 мамлекеттен 57-орунду, 2009-жылы 65 мамлекеттен 65-орунду ээледи. Эл аралык эксперттер Кыргызстанда 15 жаштагы окуучулардын 16,8 пайызы гана окуганын түшүнөт жана түшүнгөнүн айтып бере алат, калганы же такыр окуй албайт, окуганы да эмне окуп жатканын стандартка ылайык түшүндүрүп бере албайт деген жыйынтыкка келишкен.

Бул көрүнүштүн бир катар себептери бар. Алар, биринчиси, китеп жазуу, басып чыгаруу, элге жеткирүү тармагынын мамлекеттик колдоодон ажырап калышы; экинчиси, «массалык маданияттын» таасиринен улам китеп окууга кызыгуунун төмөнкү деңгээлге түшүп калышы; китеп окууга үгүттөө жумуштарынын солгундугу ж.б. Алардын катарында мектептеги адабият сабактарында, класстан тышкаркы учурларда китеп окууга кызыктыруунун, китеп менен иштөөнү уюштуруунун, өткөрүүнүн методикасынын иштелип чыкпагандыгы да себеп болот. Бул багытта классикалык педагогдордун жана жазуучулардын (Ш.А. Амонашвили, В.Г. Белинский, Н.А. Добролюбов, А.М. Горький, Я.А. Коменский, Н.С. Крупская, А.С. Макаренко, В.А. Сухомлинский, Л.Н. Толстой, К.Д. Ушинский, Н.Г. Чернышевский ж.б.) эмгектеринде китеп окуунун адам турмушундагы маанисине өзгөчө басым жасалган. Кыргыз адабиятын окутуу методикасы боюнча адистер (Б. Алымов, Б.М. Акматов, К.К.Акматов, С.Т. Батаканова, С.О. Байгазиев, К. Иманалиев, Н. Ишекеев, Н. Кангелдиев, Ү.Б. Култаева, Т. Молдогазиев, С. Момуналиев, А.Ж. Муратов, С.К. Рысбаев, Б.К. Оторбаев, Д. Саалиева, А.Т. Саттарова, А. Турдугулов, В. Шнейдман ж.б.) жана мектеп мугалимдери (Б. Батыркулов, Б. Исаков, А. Сманбаев ж.б.) класстан тышкаркы окуу, анын методикалык жагдайлары тууралуу өз эмгектеринде аз да болсо токтолуп өтүшкөн, бирок алардын изилдөөлөрү ырааттуу, атайын максаттуу жана бир багыттуу болгон эмес.

Казак адабиятын окутуу методикасында Т.К. Жумажанованын «Научно-методические основы внеклассной работы по казахской литературе» аттуу темада докторлук диссертациясы, орус адабиятын окутуу боюнча Н.А. Бодрованын «Методика организации и проведения уроков внеклассного чтения по литературе в старших классах средней школы» деген эмгектери орто мектептерде класстан

тышкаркы окуунун методикасына арналып жазылган. XX кылымдын 60-жылдарынан тартып бул проблема боюнча бир нече кандидаттык (С.А. Аничкин, В.И. Ионова, О.Н. Сороцкая, М. Пиримова, А.М. Гасанов, Н.А. Зинченко, Е.Л. Николаева, Н.Г. Осак, М.П. Воронина, С.И. Колодезникова ж.б.) жана докторлук (Н.Н. Светловская, Н.Б. Берхин ж.б.) диссертациялар, методикалык китептер (О.В. Джежелей), хрестоматиялар жазылды.

Тема боюнча илимий адабияттарды талдоо, эмпирикалык байкоолор, биздин педагогикалык тажрыйбабыз бул багытта бир топ *карама-каршылыктар* орун алып келе жаткандыгын көрсөттү, алар: биринчиси, окуучулардын адабий-теориялык, тилдик-коммуникативдик, социомаданий, этномаданий компетенттүүлүктөрүн калыптандырууда класстан тышкаркы окуу эң маанилүү факторлордун бири болсо да чыгармачылык бул процесс азыркы мектеп практикасындагы формалдуу жүргүзүлүп, анын себептери ачылбай келгендегинде; экинчиси, класстан тышкаркы окуу боюнча методисттердин эмгектери, мугалимдердин тажрыйбалары аздыр-көптүр болсо да, бул иштердин атайын максатта изилденип чыкпагандыгы, илимий-теориялык жактан жыйынтыкталбагандыгы; үчүнчүсү, кыргыз адабияты мугалимдери үчүн өтө зарыл болсо да, класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүнүн методикалык негиздеринин дүйнөлүк педагогиканын жетишкендиктерине таянылуу менен заманбап технологиялары иштелип чыкпагандыгы ж.б.

Биз изилдөөбүздө кыргыз адабиятын окутуунун мамлекеттик стандарты, окуу программасы өзгөчө маани берген, бирок, кыргыз педагогикасында колго калынбай жаткан темага – кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окуунун уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасын карап жаткандыгыбыз да ушул актуалдуу тема менен шартталды.

Проблеманын ушундайча коюлушу *«Мектепте кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасы»* деген аталыш менен изилдөөнүн темасын аныктоого мүмкүндүк берди.

**Диссертациянын темасынын илимий мекемелердин жүргүзгөн илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы:** тема Ош мамлекеттик университетинин филологиялык билим берүү технологиялары кафедрасынын 2012-2018-жылдардагы негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышкан.

**Изилдөөнүн объекти** – орто мектептердин V- IX класстарында кыргыз адабиятын окутуу процесси.

**Изилдөөнүн предмети** – орто мектептин V- IX класстарында кыргыз адабияты предметинде класстан тышкаркы окуу иш-аракеттери.

**Изилдөөнүн максаты** – мектепте кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасын иштеп чыгуу, аларды колдонуунун жолдорун жана ыкмаларын аныктоо, тажрыйбада текшерип көрүү жана практикага сунуштоо.

**Изилдөөнүн милдеттери**:

1. Темага ылайык философиялык, педагогикалык, психологиялык, социологиялык ж.б. теориялык-методологиялык адабияттарды анализдөө,

кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окууну уюштуруунун, өткөрүүнүн жалпы абалын жана проблемаларын аныктоо.

2. Кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы жүргүзүлүүчү иштердин дидактикалык мазмунун өркүндөтүүнүн жолдорун сунуштоо.

3. Кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы иштерди уюштуруунун, өткөрүүнүн формаларын, каражаттарын, окуучуларга жеткирүүнүн методикасын иштеп чыгуу жана өркүндөтүүнүн жолдорун көрсөтүү.

4. Иштелип чыккан методикалык сунуштардын оптималдуулугун педагогикалык эксперименттер аркылуу тастыктоо менен практикада колдонууга сунуш кылуу.

**Изилдөөнүн жүрүшүндө төмөнкүдөй божомолдор коюлду жана текшерилди.**

Кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окууну өткөрүү ишмердүүлүгү бир топ жогорулайт, эгерде:

- класстан тышкаркы окуу ишмердүүлүгү максаттуу өткөрүлсө, анын милдеттери так аныкталса;
- бул ишмердүүлүк педагогикалык-дидактикалык принциптерге таянуу менен өткөрүлсө;
- класстан тышкаркы окуу процесси окуучулардын көркөм чыгарманынын негизиндеги адабий-эстетикалык түшүнүктөрүн жогорулатууга, таанып билүүсүн, көркөм аңдоосун калыптоого багытталса;
- класстан тышкаркы окууда үйрөнүлгөн чыгармалар окуучулардын класста окулган чыгармалар менен байланышта, кыргыз адабиятынын тарыхы, кыргыз тили жана улуттук маданият менен биримдикте үйрөнүлсө;
- көркөм чыгармалар окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгүн өстүрүүгө көмөк көрсөтсө;
- окуучулардын адабий текстти дагы тереңирээк түшүнүү деңгээлин жогорулатуу максаты көздөлсө.

**Изилдөөдө алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы.** Кыргыз адабиятын окутуунун методикасында эң алгачкы жолу класстан тышкаркы окууну уюштуруу жана өткөрүүнүн методикасы заманбап педагогикалык талаптарга ылайык аныкталды; класстан тышкаркы окутуунун мазмунун өркүндөтүүнүн мүмкүнчүлүктөрү ачылды; окуучулардын класстан тышкаркы окуу процессинде ээ болуучу адабий-теориялык, тилдик-коммуникативдик компетенттүүлүктөргө жетишүүнүн жолдору көрсөтүлдү; окуучулардын окурмандык кызыгууларын класстан тышкаркы окутуу аркылуу жогорулатуунун технологиялары иштелип чыкты; класстан тышкаркы окутууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасы адабият курстарынын баскычтарына, окуучулардын курак өзгөчөлүктөрүнө ылайык өзгөчөлүктөрдү чагылдырылды; сунуш кылынган заманбап методикалык ыкмалар, жолдор, каражаттар тажрыйбалык-эксперименттик иштин жыйынтыктарынын негизинде текшерилип, натыйжалуу деп эсептелингендери практикага сунушталды.

**Изилдөөдө алынган натыйжалардын практикалык мааниси.** Илимий ишибиздеги методикалык сунуштар кыргыз адабияты боюнча окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду түзүүдө, университеттердин «Кыргыз адабиятын окутуу» дисциплинасынын мазмунун өркүндөтүүдө, мектеп мугалимдеринин адистигин жогорулатуу курстарында, мугалимдердин чыгармачылык ишмердүүлүгүн көтөрүүдө пайдаланылышы мүмкүн. Диссертацияда коюлган милдеттердин жыйынтыктары окуучулардын окурмандык кызыгуусун, адабий көркөм табитин жогорулатууга жардам берет.

**Диссертацияны коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

1. V- IX класстарда кыргыз адабияты предметинен класстан тышкаркы окууну натыйжалуу уюштуруу жана өткөрүү окуучулардын адабияттын класстык курсунда алган компетенттүүлүктөрүн жогорулатууга салым кошот.

2. Класстан тышкаркы окуу процессинде окуучуларды чыгармачылык өз алдынчалыкка багыттоо, мектеп китепканаларынын, заманбап маалымат каражаттарынын, анын ичинде интернет материалдарынын мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу, акын-жазуучулар менен жолугушууларды өткөрүү ж.б. ишмердүүлүктөргө артыкчылыктуу орун берилет.

3. Класстан тышкаркы окууну уюштуруу жана өткөрүү ар бир чыгарманын теги, түрү, жанры, авторунун чыгармачылык индивидуалдуулугу менен биримдикте жүргүзүлгөндө гана өзүнүн эффективдүүлүгүн көрсөтүп берет.

4. Класстан тышкаркы окуу процессин уюштурууда жана өткөрүүдө окутуунун инновациялык технологиялары менен салттуу окутууну туура айкалыштыруу, тексттерди тандап алууда мугалимге жана окуучуларга эркиндик берилиши системалуу өткөрүлүүгө тийиш.

5. Класстан тышкаркы окуу ишмердүүлүгүн уюштуруп өткөрүүдө илимий адабияттар менен мугалимдердин тажрыйбаларын ар тараптан үйрөнүү жана колдонуу оң натыйжа берип, анын оптималдуулугун биздин педагогикалык тажрыйбанынын жыйынтыктары тастыктады.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:** класстан тышкаркы окууну уюштуруу жана өткөрүүнүн методикасы соңку шарттарга жана талаптарга ылайык кыргыз педагогикасында эң алгачкы жолу иштедик, ал сунуштарды педагогикалык экспериментте текшерүүдөн өткөрдүк жана мектеп мугалимдерине сунуштадык.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы:** диссертациянын негизги мазмуну 1 монографияда, 3 илимий-усулдук колдонмодо, 11 илимий макала анын ичинде 2 Scopus, 2 РИНЦ тастыкталган.

**Диссертациянын көлөмү жана курамы:** Диссертация киришүүдөн, үч баптан, алардан келип чыккан корутундулардан, жалпы корутундудан жана сунуштардан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен, тиркемеден турат. Диссертациянын жалпы тексти – 201 бет, пайдаланылган адабияттардын тизмеси – 256, таблицалар – 22, сүрөттөр – 1.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Диссертациянын алгачкы бабы «**Мектептерде класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн теориялык-методологиялык проблемалары жана изилдениш тарыхына обзор»** деп аталат да, темага карата негизинен тарыхый, теориялык, методологиялык аспектиден анализ жүргүзүлөт.

Анын биринчи параграфы *«Азыркы учурда педагогикалык процессте класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн максаты, милдеттери жана негизги парадигмалары»* деп аталат. Учурдун татаал карама-каршылыктары, кыргыз коомчулугундагы, өзгөчө жаштардын руханий дүйнөсүндөгү боштук, деградация, ага таасир эткен бир нече коомдук, саясий, социалдык, экономикалык факторлор тууралуу айтылып, мына ошол шарттардагы көркөм адабияттын, анын ичинде кыргыз адабияты предметинен класстан тышкаркы окуунун максаттары, милдеттери тууралуу тарыхый-социологиялык экскурс жүргүзүлөт.

Жаш өспүрүмдөрдүн инсан катары туура калыптанып, личносттук жактан ар тараптуу өнүгүүсү, оң идеалдарга ээ болуусу – бул коомдун заказы, ансыз коомдук прогресс жүрбөйт, улуттун өзүн өзү идентификациялоо парадигмасы ишке ашпайт. Мына ушундай шартта, б.а., ааламдашуу процессинде кыргыз баласына батыштан да, чыгыштан да, түндүктөн да, түштүктөн да массалык маданият жарамсыз көрүнүштөрдү таратуу менен «чабуул» коюп, балдарды терс жактарга ээрчитип кетүүдө. Ошол терс жолдон чыгарып алууда, терс сапаттардан бошотууда, же жарамсыз жолдорго адаштарып жибербөөдө пайдалуу китептерди окууга үйрөтүүнүн, балдардын окурмандык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун мааниси өзгөчө чоң. Ал эми бул процессти азыркы мектепте ишке ашыруунун эң негизги аянтчасы – кыргыз адабияты сабагы жана ошол предметтен класстан тышкаркы окуу ишмердүүлүгү.

Класстык адабият сабагы менен класстан тышкаркы окуу – биримдикте турган бүтүн бир организм, класстан тышкаркы окуу адабият сабагынан ичиндеги бир бөлүк жана анын окуучулардын өз алдынча окуу ишин жүргүзүүдө өзгөчө мааниге ээ болот.

Эмгекте класстан тышкаркы окуунун бир топ максаттарын көрсөттүк. Алардын негизгиси – азыркы ааламдашуу доорунда жаштарды массалык маданияттын терс таасиринен оолактатып, көркөм адабияттын дүйнөсүнө алып келүү. Бул багытта учурдагы кыргыз окурмандарынын китептен оолактап кетиши тууралуу социологиялык фактылар келтирилип, анын педагогикалык жана психологиялык, коомдук-саясый себептери көрсөтүлдү. Интернет, видео жана кино продукциялар чыга элек кезде, б.а., XX кылымдын 50-80-жылдарындагы кыргыз окурмандарынын жалпы картинасы тартылып, «Ала-Тоо», «Кыргызстан маданияты», «Кыргызстан пионери», «Чалкан», «Кыргызстан аялдары», балдардын «Жаш ленинчи», «Байчечекей» журналдарынын популярдуулугу тууралуу маалыматтар берилет.

Чыңгыз Айтматовдун «Гүлсарат», Төлөгөн Касымбековдун «Сынган кылыч», «Келкел» деген китептери 60-70 миң нуска менен чыгып, дароо эле сатылып кеткендигинин сырлары жөнүндө анализ жүргүзүлөт. Баткен шаарындагы «Кызыл-Жол» орто мектебинин окуу бөлүмүнүн башчысы Махабат Алимова азыркы окуучулар менен мындан элүү жыл мурдагы окуучулардын китепке болгон кызыгууларын салыштырат, ал да диссертацияда пайдаланылат. Ошол мезгилде «үй-бүлөлүк окуулар» болгон, б.а., бир китепти үй-бүлөдө, же бир конушта бир бала окуп, калгандар анын окуганын кунт коюу менен угуп турушкан, дал ошентип «Манас», «Эр Төштүк», «Эр Табылды», «Жаныш, Байыш», «Кожожаш», «Кедейкан» ж.б. эпосторду, К.Баялиновдун «Ажар», Т.Сыдыкбековдун «Кең-Суу», «Тоо арасында», «Тоо балдары», А.Токомбаевдин «Жараланган жүрөк», «Күүнүн сыры», «Кандуу жылдар», М.Элебевдин «Узак жол», К.Жантөшовдун «Эки жаш», «Каныбек», А.Осмонов которгон Ш.Руставелинин «Жолборс терисин жамынган баатыр» ж.б. китептерди жамаатташып окуп, талкуулап, балдар алардагы идеялык, эстетикалык баалуулуктарды өздөштүрүп, кыргыз тилинин керемет байлыктарын үйрөнгөн.

XX кылымдын 70-80-жылдарынан тартып «биргелешип китеп окуу», «үй-бүлөлүк окуу» деген салттар жоголуп, бөбөктөргө ата-энелердин китеп окуп бериши басаңдады, балдар үй-бүлөлүк «дыйканга», «фермерге», «базарчыга», «камокчуга», «үй кызматкерине», «бала баккычка» ж.б. рынок талап кылган жумушчу күчүнө айланып, китеп окуу кызыкчылыгы артка сүрүлдү, ага кошумча кыргызча китеп чыгаруу өндүрүшү, анын ичинен балдар үчүн чыгармаларды басып чыгуу жумушу кескин кыскарды.

Ушул параграфта өлкөдөгү китепканалардын абалы тууралуу педагогика илимдеринин доктору, профессор, балдар жазуучусу С. Рысбаевдин Жалал-Абад шаарында, Сузак районунда жүргүзгөн социологиялык изилдөөлөрү мисалга алынат, филология илимдеринин доктору, профессор С. Байгазиевдин бүгүнкү окуучу өспүрүмдөрдүн турмушка коммерциялык, прагматикалык мамиле кылып, материалдык кызыкчылык жагына ооп баратышкандыгын бир катар мисалдар менен далилдеп өткөндүгү талдоого алынат.

Мына ушундай «демографиялык катастрофа» (С. Байгазиев) тууралуу ой жүгүртүүлөрдөн кийин диссертацияда бул руханий кыйроодон чыгаруунун бир жолу көркөм адабият экендиги айтылып, алардын бир нече функцияларына (балага дүйнө таанытуу; окурмандын ой жүгүртүүсүнө, кругозоруна таасир этип, анын акыл-эси жактан ар тараптуу инсан катары калыптоо; жаш окурмандын фантастикалык, романтикалык дүйнөсүн өстүрүүгө жардам берүү; айланасындагы адамды таанып билүү; турмуштагы ак менен караны, жакшылык менен жамандыкты, оң менен терсти ажыратууга көмөктөшүү; сөз корун байытуу; эстетикалык табитин жогорулатуу; бала менен эң сонун маектеш болуу ж.б.) мисалдар келтирилет. Советтик билим берүүнүн традицияларын жана салттарын карап көргөндө адабиятты класста окутуу менен класстан тышкары окутуунун төмөнкүдөй байланыштары көрүнөт, алар: биринчиден, класста окулуп жаткан чыгарманы талдоодо же автор тууралуу маалымат берүүдө башка чыгармалар, же автордун башка жазгандары менен

тааныштырылат; экинчиден, ар кандай сабактарда ыр окуу (айтуу) мүнөттөрү, окуган китептери тууралуу маалымат берүү ж.б. учурлар болуп турат; үчүнчүдөн, ар бир жылдын биринчи сабагы каникулда окуган чыгармаларын суроо менен башталган, бул процесс кышкы каникулдан кийинки биринчи сабакта да кайталанган, демек, мунун өзү класстан тышкаркы окуунун бир көрүнүшү болгон; төртүнчүдөн, мугалимдер бул же тигил тема боюнча дил баян, эссе, реферат жазууда, же оозеки жооп берүүгө даярданууда окуучуларга кошумча окуу үчүн көркөм адабияттарды, адабий изилдөөлөрдү, адабий сын китептерди сунуш кылган. Жогорудагыдай ыкмалар адабиятты класста жана класстан тышкаркы окуу ишмердүүлүгүн биримдикте жүргүзгөнүн көрсөтүп турат. Кыргыз адабиятын окутуу методикасында адабият сабагы класстан тышкаркы окуу менен биргеликте гана окуучулардын өз алдынча изденүүсүнө жана алардын көркөм адабиятты окууга болгон кызыгуусун ойготуп, шыктандырууга активдүү таасир этерин мектеп практикасы далилдеп келет. Класстан тышкаркы сабак мектепте өтүлгөн сабак менен тыгыз байланышта болгондо гана өз максатына жетет. Класстан тышкаркы окуу катардагы сабактын уландысы, анын жаңы шарттагы жаңы формасы болуп эсептелет. Бул сабакта окуучулар өз алдынча окууда алган билимдерине, компетенттүүлүктөрүнө таянып, көркөм чыгарманы окуу, түшүнүү, талдоо жагынан бир кыйла индивидуалдуулукка, эркиндикке жетишет. Демек, класстын тышкаркы окуу – негизги сабакта жетишкен билимдерди реализациялоонун да, сынактан өткөрүүнүн да тажрыйба аянчасы. Ошол эле кезде класстан тышкаркы окуу кадимки сабактардан айырмаланып мугалимден кеңири чыгармачыл изденүүнү жана ой жүгүртүүнү, окуучулар менен дагы жакын мамиле түзүүнү талап кылат. Класстан тышкаркы сабактарда мугалим негизинен, окуучулардын окулуп жаткан чыгарманы чыгармачылык менен кабыл алышына жана андагы сюжеттик өнүгүштү, идеялык-темалык биримдикти, образдар системасын жана көркөм каражаттарын, кыскасы, чыгарманы чыгарма катары кармап турган адабий-эстетикалык баалуулуктарын системасын, биримдигинин жалпы топтомун терең түшүнүүсүнө басым жасайт, окуучуларды да ошого даярдайт. Сабактарда класстан тышкаркы окууга болгон мамиле табигый болушу керек. Ошону менен бирге эле биринчиден, окулуп жаткан чыгарманын текстинин темасынын актуалдуулугуна, экинчиден, класстагы окуу кырдаалына көз каранды болуп эсептелет. Чыныгы устат мугалимдер өз окуучуларынын жекече сабактагы тажрыйбаларын гана баалап эске алышпастан, алардын класстан тышкаркы окуу ишмердигине да багыт көрсөтө алат. Класстан тышкаркы окуу сабактары адабият сабагына эчак кирген. Азыркы кезде ал орто мектепте окутулган кыргыз адабиятынын бир салаасы.

Класстан тышкаркы окуунун негизги өзгөчөлүктөрү төмөнкүлөр: сабак (класстык иш) менен сабактан (класстан) тышкаркы иштердин биримдигинен келип чыгуучу адабий билим берүүнүн бир формасы; талкууга алынуучу чыгармаларды эркин тандоого укук берилүүчү педагогикалык аянтча; соңку адабияттын өкүлдөрүнүн чыгармалары менен таанышуунун кеңири мүмкүнчүлүгү; окуу программаларын, окуу китептерин тандоого берилген

эркиндик; окуучунун окурмандык өз алдынчалыгын өнүктүрүүнүн маанилүү фактору; окурмандык кызыгууларды калыптандыруунун эң мыкты звенолорун бири ж.б.

Эмгекте класстан тышкаркы окуунун негизги милдеттери катары төмөнкүлөр белгиленет: көркөм чыгарманын руханий, нравалык, тилдик, эстетикалык байлыктарына сүңгүп кирүү; көркөм чыгарма окуу жана түшүнүү үчүн окуучулардын компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу; ар кандай көркөм текстти баалоо үчүн билим жана билгичтиктерге ээ кылуу; адабий чыгармадан өз турмушуна керектүү баалуулуктарды таба алуу; чыгарма аркылуу көркөм-чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн, кабыл алуусун, эмоционалдык сезимдерин, интеллектуалдык көрөңгөсүн, эстетикалык табитин жогорулатуу; оозеки жана жазуу речине азык болор тилдик-стилдик, поэтикалык байлыктарга ээ болуу.

Экинчи параграф *«Класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн изилдениш тарыхына обзор»* деп аталат. Класстан тышкаркы окуу деген терминди биринчи жолу 1897-жылы В.П. Шереметевский пайдаланган. Бул ишмердүүлүк түздөн-түз адабиятты окутуу, көркөм адабий чыгармаларды окуу, кабыл алуу, адабияттын адамды өзгөртүүчү күчү, инсанды ар тараптан калыптандыруудагы анын ролу менен байланышат. Аталган багытта орус социал-демократтары В.Г. Белинский, Н.А. Добролюбов, Н.Г. Чернышевский, жазуучулар Л.Н. Толстой, Ф. Достоевский, М. Шолохов, А. Барто, М. Горький, педагогдор К.Д. Ушинский, А.С. Макаренко, Н.К. Крупская, В.А. Сухомлинский ж.б. өз эмгектеринде кайрылган.

Диссертацияда кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окуу ишинин тарыхы түздөн түз орус адабиятын окуу илими жана практикасы менен байланышкандыгы айтылат, XIX кылымдын аягында XX кылымдын башында орус педагогдору Х.Д. Алчевский, Н.А. Рубакин, А.П. Нечаев, Ц.П. Балталон окуу программасы классикалык адабият менен гана чектелбей, балдар өз кызыгууларына ылайык китептерди да окушунун зарылдыгын белгилешкен, бул жаш адамдардын коомго ыңгайлашуусунун бир көрүнүшү болгон. Ал кезде детектив («сыщицкая литература» деген түшүнүк кирген), приключения, фантастика өтүмдүү товарга айланган.

XX кылымдын 20-жылдарынан тартып советтик билим берүүдө элдин сабатсыздыган жоюу, социализмдин идеяларын түшүндүрүү, марксизм-ленинизмди таратуу үчүн массалык сабат ачуу жана китеп окуу керек болгон жана ошон үчүн бул багыт өзгөчө камкордукка алынган. Н.А. Рубакиндин эмгектеринде мектептерде балдар кошумча окуй турган китептердин аттарын сунуштоо талабы алдыга коюлган, методист Н.А. Рыбникова мектепте окурмандык ишмердүүлүктөрдү жүргүзүүнүн ар кандай методдорун сунуш кылган социологиялык, методикалык изилдөөлөрдү жыйнап, «Детское чтение: методы изучения» (1928) деген китеп түзүп чыккан. Класстан тышкаркы окуу боюнча XX кылымдын 50-жылдарынан тартып Л.В. Благонадежин, О.И. Никифоров, Н.Д. Молдавский, Л.Г. Жабиц, М.Д. Пушкарев, Л.Н. Рожин, Н.А. Бодрова ж.б. психологдор, педагогдор, адабиятчылар класстан тышкаркы окуунун зарылдыгын теориялык жактан далилдешсе, М.Г. Марацман, М.Г. Качурин, О.Ю. Богданова ж.б. методисттер бул ишмердүүлүктү жүргүзүүнүн

жолдорун, ыкмаларын, каражаттарын иштеп чыккан. И.А. Бодров өз эмгектеринде класстан тышкаркы окууну социалдык жана педагогикалык көрүнүш деп эсептесе, Н.К. Силкин анын типтерин жана түрлөрүн көрсөтөт, М.Я. Мишлимовичтин эмгектеринде класстан тышкаркы окуунун жогорку класс окуучуларын нравалык тарбиялоодогу мүмкүнчүлүктөрү изилденген. Мына ошол орус методисттеринин эмгектеринин негизинде кыргыз адабиятынын программаларына да класстан тышкаркы окуу боюнча материалдар кире баштаган. Кыргыз адабиятынан 1953-жылдагы окуу программасында алгачкы жолу класстан тышкары окулган чыгармалар боюнча аңгемелешүү сунушталып, 1963-жылкы окуу программасында класстан тышкаркы окуу боюнча да түшүндүрмө берилген. 1964-1965-окуу жылы үчүн программада IX-XI класстарга өз алдынча окуу катары он беш чыгарма сунуш этилет, бирок булардын көбү котормо адабияты болгон. 1969-жылы К. Иманалиев «Кыргызстан маданияты» газетасындагы «Ийри олтуруп, түз кеңешели» деген полемикалуу макаласында класстан тышкаркы окуунун зарылдыгын өзгөчө белгилейт жана ошондон кийин 1971-1972-окуу жылында класстан тышкаркы окуу үчүн сааттар көбөйтүлгөн, мисалы, 7-класска 8 саат бөлүнгөн. 1982-жылы чыккан программада да класстан тышкаркы окууга тизме тематика боюнча атайын сунушталган.

Диссертацияда жогорудагы программаларда класстан тышкаркы окуу боюнча чыгармалардын сунушталышы тарыхый эволюциялык планда талдоого алынат.

Ал эми класстан тышкаркы окуу боюнча алгачкы сөз кылган окумуштуу К. Иманалиев. Ал 1955-жылы «Мугалимдер газетасына» «Орто мектептин жогорку класстарында кыргыз адабият сабагы боюнча класстан тышкаркы окуу иши» деген макаласын жарыялаган, 1984-жылы анын «Кыргыз адабиятын окутуу методикасынын орчундуу маселелери» деген эмгегине «Кыргыз адабияты боюнча окуучулардын өз алдынча иштөөсүн уюштуруу» деген көлөмдүү макаласын (88-111-беттер) киргизген. Биздин эмгекте ошол методист окумуштуунун эмгектерине обзор берилет. Класстан тышкаркы окуу боюнча К. Сабаева методист С. Андабеков менен бирге жазган «IV-VII класстарда адабияттык окуу» деген китебинде бул ишмердүүлүктүн мектеп практикасындагы ордун белгилесе, «Кыргыз адабияты боюнча класстан тышкаркы окуунун методикалык маселелери» деген методикалык колдонмосунда изилдөөнү андан ары тереңдеткен. Класстан тышкаркы окуу ишинде жаңы табылгалар С. Рысбаев жетекчилик кылган окумуштуулар жана педагогдор тобу тарабынан даярдалган кыргыз мектептери үчүн «Дил ачар», «Рабаят», «Дил азык», «Балапан», «Булак», «Жоогазын» деген аталыштардагы хрестоматияларында ишке ашырылды.

«*Мектептерде класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методологиялык негиздери»* деп аталган үчүнчү параграфта илимий изилдөөнүн теориялык таянычтары болгон методологиялык базаларга анализ берилген. Алар таанып-билүүнүн татаал мыйзамдардын ачып берген философия жана көркөм чыгарманын искусстволук белгисин көрсөтүп берүүчү эстетика (Ю.П. Азаров, С. Ф.Анисимов, В.Ф. Асмус, М.М. Бахтин, Н.А.

Бердяев, Ю.Б. Борев, В.Е. Гусев, Д.С. Лихачев, А.Ф. Лосев, А.А. Потебня, В.Я. Пропп, кыргыз эстетиктери Т. Аскаров, А.А. Салиев ж.б.), көркөм чыгарманын идеясын, темасын, сюжет жана композициясын, образдар системасын талдоого алган адабият теориясы (Г.Л. Афамович, М. Борбугулов, Н.А. Гуляев, В.М. Жирмунский, И. Султан, М.И. Тимофеев, Б.В. Томашевский ж.б.), адабият илими, б.а. адабияттаануу (К. Асаналиев, К. Бобулов, К. Даутов, О. Ибраимов, С. Жигитов, А. Садыков, А. Эркебаев ж.б.) боюнча советтик учурда жазылган теориялык эмгектер.

Класстан тышкаркы окуу – бул окуу ишмердүүлүгү, андыктан ал психология менен терең байланышат. Советтик психологдор Б.Г. Ананьев адамтаануу проблемасын ар тараптуу изилдесе, Л.И. Божович бала курактагы инсандын калыптануу процессин жана ага таасир эткен факторлорду аныктаган, Л.С. Выготский адам психикасынын өнүгүшүн маданий жана тарыхый түшүнүү жагынан өз окуусун иштеп чыккан, А.Н. Леонтьев ишмердүүлүктүн жалпы психологиялык окуусун тереңдеткен, С.Л. Рубинштейн жалпы психологиялык изилдөөлөрдү жүргүзгөн, Д.Б. Эльконин балдардын жана мектеп окуучуларынын психологиясын изилдеген ж.б. Булардын эмгектериндеги теориялык табылгалар жана жоболор биздин изилдөөнүн методологиялык таянычтарынын бирин түздү. Ошондой эле окутуунун теориясын жана тарыхын изилдеген педагогиканын дидактика бөлүгүн изилдеген дидакттардын (И.Я. Лернер, М.И. Махмутов, Г.К. Селевко, Ю.К. Бабанский, И.Б. Бекбоев, М.И. Махмудов, В.П. Беспалко, В.К. Дьяченко ж.б.), орус адабияттын окутуу боюнча методисттердин (А.С. Айзерман, Н.И. Кудяршев, Н.Я. Мещерякова, В.Г. Маранцман, Н.М. Молдавская, В.А. Никольский, В.А. Онищук, З.Я. Рез, М.А. Рыбникова, Л.А. Шейман, В.Р. Щербина ж.б.), кыргыз методист окумуштууларынын (Б. Алымов, С. Байгазиев, С. Батаканова, К. Иманалиев, Н.И. Ишекеев, С. Момуналиев, А. Муратов, С. Рысбаев, С. Сакиева, А.Д. Токтомаметов, Б. Оторбаев ж.б.) илимий табылгаларына таянып, эмгегибиздин теориялык-методикалык базасын чыңдап, жаңы жоболорду жана сунуштарды айттык.

Биз үйрөнгөн методологиялык эмгектер класстан тышкаркы окуу ишмердүүлүгүндө төмөнкү проблемаларды дагы да тереңдетүүнү шарттайт:

1. Класстан ташкыркы окуу класстык окуунун эле уландысы, тереңдетилиши.

2. Класстан тышкаркы окууда окуучу менен мугалим байланышына дагы кенен эркиндик берүү, эки жактын тең чыгармачылык өз алдынчалыгына өзгөчө маани берүү.

3. Бул окуу ишмердүүлүгүнө ата-энелерди, китепканачыларды кеңири тартуу.

4. Мугалимдин класстан тышкаркы окуу ишин уюштурууда жана өткөрүүдө өз алдынча өзгөчөлүү методикалык ыкмаларды, жолдорду, каражаттарды колдонушу.

5. Класстан ташкыркы окуу үчүн сунуш кылынган чыгармаларды талдоо процессинде илимий эмгектерди кеңири пайдаланып, окутуу процессин илимий жактан камсыздоо өзгөчө мааниге ээ.

Диссертациянын экинчи бабы **«Класстан тышкаркы окууну уюштуруу жана өткөрүү боюнча илимий изилдөөнүн материалдары жана методдору»** деп аталат жана анын биринчи парагафы *изилдөөнүн материалдарын* көрсөтүүгө багытталган. А дегенде изилдөөнүн ***объекти*** жана ***предмети*** аныкталат. Класстан тышкаркы окуу боюнча билим берүүнүн мамлекеттик стандартына ылайык окуу программасында сунуш кылынган чыгармаларды окутуу изилдөөбүздүн негизги материалдары болуп саналат. Кыргыз адабиятынын учурда колдонулуп жаткан окуу программасында класстан тышкаркы окулуучу чыгармаларга атайын сааттар бөлүнөт, алардын көлөмү төмөнкүдөй: V класс – 6, VI класс – 4, VII класс – 7, VIII – 4, IX – 10 саат, X жана XI класстарда атайын саат бөлүнбөйт. Мына ошол жалпы 31 саат жана аларды окутуу методикасы биздин изилдөөнүн материалы болуп эсептелет.

Диссертацияда мына ушул материалдарды өздөштүрүүдө ырааттуу иш-аракеттерди жүргүзүүнүн талаптары, окуучулардын класстан тышкаркы окуусунун уюштуруунун дидактикалык максатын жана окуу убактысын аныктоо технологиялары чагылдырылат, мына ошол максат-милдеттерине жараша класстан тышкаркы окуунун атайын программасын иштеп чыгып, анын мазмуну биздин диссертациялык изилдөөбүздүн да негизги материалдарын түздү. Негизги материалдар катары сунуш кылынган көркөм чыгармалардын тематикалары да, жанрлары да, тек-түрлөрү да, авторлорунун көз караштары, стили да ар түрдүү (элдик жомоктор, уламыштар, профессионал жазуучулардын аңгемелери, ырлары, поэмалары), тематикалык мазмуну (Ата Мекенди сүйүү, ата-энени сыйлоо, эне тилди билүү, адеп-ыйманга чакыруу, табиятты кастарлоо ж.б.) да ар түрдүү.

Ушул эле параграфта класстан тышкары окуунунун материалдарын тандоонун критерийлери, программага жана окуу китебине жайгаштыруунун негизги принциптери, ар бир класста чыгармаларды сунуштоонун өзгөчөлүктөрү көрсөтүлөт.

*«Илимий изилдөөнүн методдору*» деген параграфта а дегенде метод түшүнүгүнүн мааниси чечмеленет, андан ары диссертациялык изилдөөдө педагогика илими мурда колдонуп сыноодон өткөн методдорго токтолдук. Алар үч багыттагы методдор: 1. Теориялык методдор (изилденип жаткан тема боюнча философиялык, культурологиялык, этнографиялык, адабият таануу, дидактика, методика боюнча илимий эмгектерге теориялык анализ; проблемага тиешелүү багытта адабият мугалимдеринин, методисттердин педагогикалык жана методикалык тажрыйбаларын үйрөнүү жана жалпылоо). 2. Эмпирикалык (тема боюнча окуу-нормативдик материалдарына анализ, сабактарды талдоо, психологиялык тесттер, мугалимдер жана окуучулар менен аңгемелешүү, окуу иштери боюнча документтерди үйрөнүү, календардык-тематикалык пландарды, окуучулардын оозеки жоопторун жана жазуу жумуштарын иликтөө). 3. Эксперименталдык (тема боюнча мектептерде педагогикалык тажрыйбаларды жүргүзүп, алардын жыйынтыктарын математикалык-статистикалык методдор менен анализдөө).

Иште мына ушул ар бир методду изилдөөбүздүн кайсыл жыйынтыктарын алууда колдонгондугубузду кеңири чагылдырдык. Ал методдор: окуучулардын

адабий чыгармаларын окуу боюнча жазган күндөлүктөрүн, дептерлерин үйрөнүү методу; аңгемелешүү; окуучулардын жазуу жумуштарын анализдөө; окурмандык биография; окурмандык күндөлүк; китепканалык формулярларды үйрөнүү; анкеттөө; тестирлөө ж.б.

Изилдөөнүн эксперименталдык базасы катары Ош шаарындагы №18 А. Навои атындагы мектеп-лицейи, №17 Ю.Гагарин атындагы мектеп-гимназиясы, Жалал-Абад областындыгы Аксы районуна караштуу №42 Токтогул Сатылганов атындагы мектеп-гимназиясы, Баткен областындагы Баткен районундагы Жусуп Байжигитов атындагы, Ош областындагы Кара-Суу районундагы №107 Аманбай Жунусов атындагы орто мектептерин алдык. Биздин педагогикалык эксперименттер 2012-2018-жылдарда 3 этапта өткөрүлдү. Биринчи этап – даярдоо этабы (2012-2013-жылдар), экинчи этап – изденүүчү этабы (2014-2016-жылдар), үчүнчү этап – окутуучу этабы (2017-2019-жылдар). Адегенде тажрыйба жүргүзүүнүн этаптарын, максатын, милдеттерин, методдорун, натыйжаларын аныктадык жана аларды иште көрсөтүп бердик. Сурамжылоого 5-7-класстардан 182, 8-9-класстардан 111, 10-11-класстардан 86 окуучу катышты. Окуучулардын окурмандык кызыгуулары тематика, тек, жанр боюнча өз-өзүнчө аныкталды. Тема боюнча жалпы абалды билүү үчүн окуучулар анкетанын суроолоруна жооп берди; окуучулардын китепканадагы формулярлары үйрөнүлдү; ата-энелер менен аңгемелештик; класстан тышкаркы окуу боюнча дептерлери текшерилди; окуу боюнча күндөлүктөрү үйрөнүлдү ж.б.

Кийинки аныктоого 86 мугалим катышып, алардын пикири боюнча класстан тышкаркы окуу ишмердүүлүгүнүн талапка ылайык болбой жатышынын себептери табылды. Алар: атайын окуу китептеринин жоктугу (муну 86 мугалимдин 26сы белгилеген); методикалык колдонмолордун жетишсиздиги (22); мектеп китепканасында класстан тышкаркы окуу боюнча программада сунуш кылган китептердин аздыгы (20); класстан тышкаркы окуу боюнча мугалимдердин тажрыйбаларынын жайылтуунун аздыгы (16); класстан тышкаркы окуу ишмердүүлүгүндө азыркы заман технологияларын (телевидение, интернет, электрондук китеп, планшет ж.б.) колдоно албоо (8); университеттерде болочок мугалимдерге бул багытта билим жана компетенттүүлүк берилбегендик (3). Булардан башка да ар түрдүү себептер тууралуу 5 мугалим айткан.

Абалды билүү үчүн төмөнкүдөй иштердин системасын жүргүздүк: окуучулар анкетанын суроолоруна жооп берди; окуучулардын китепканадагы формулярлары үйрөнүлдү; ата-энелер менен аңгемелештик; класстан тышкаркы окуу боюнча дептерлери текшерилди; чыгарма окуу боюнча күндөлүктөрү үйрөнүлдү ж.б.

Ушул эле 2012-2013-жылдарда класстан тышкаркы окуу боюнча 5-7-класстын окуучуларынын өздөштүрүү деңгээлин текшердик.

Негизги критерийлер булар болду: класстан тышкаркы окуу боюнча программадагы чыгармалардын мазмунун, идеясын, темасын билүү; ошол чыгармаларды класста окулган чыгармалар менен байланыштыра алуу;

чыгармаларды талдоо (сюжеттик, образдык, тилдик ж.б.); чыгармаларды турмуш менен байланыштыра билүү ж.б.

Бул алдын ала абалды билүү үчүн текшерүүдө окуучуларга атайын тесттик тапшырмаларды жана сурамжылоо баракчаларын таркаттык. Булардын жыйынтыктары аркылуу окуучулардын класстан тышкаркы окуу боюнча алган билим деңгээлинин көрсөткүчтөрү аныкталды, биз аны 10 баллдык баалоо системасы аркылуу, үч деңгээл (жогорку, ортоңку, төмөнкү) аныктадык.

**2.1 - таблица. Окуучулардын класстан тышкаркы окуу ишмердүүлүгү боюнча өздөштүрүүлөрүнүн деңгээли жана баалоо критерийлери**

| Деңгээлдер | Баалоо критерийлери (чен-өлчөмдөр) |
|---|---|
| **Жогорку**<br>**7-10 балл** | Окуучулардын класстан тышкаркы окуу боюнча программа сунуш кылган бардык чыгармаларды билет, аларды мектепте окутулган чыгармалар менен байланыштара алат, адабий чыгармадагы мазмун, сюжет, образдар тууралуу түшүнүктөрүнүн толук болушу, алардын тектик, түрлүк, жанрдык айрымачылыктарын билиши, кээ бир чыгармалардан үзүндүлөрдү жатка айта алышы; окулган чыгарманы өзүнүн жеке турмушу, жалпы эл турмушу менен байланыштыра алышы; окулган чыгарманынын негизинде дил баян, эссе, доклад ж.б. жазуу иштерин жүргүзө алуусу. |
| **Ортоңку**<br>**4-7 балл** | Окуучулардын класстан тышкаркы окуу боюнча программа сунуш кылган бардык чыгармаларды билүүсүндө, аларды мектепте окутулган чыгармалар менен байланыштыра алуусунда жетешпестиктердин болушу, адабий чыгармадагы мазмун, сюжет, образдар тууралуу түшүнүктөрүнүн толук болбошу, алардын тектик, түрлүк, жанрдык айрымачылыктарын толук билбеши, кээ бир чыгармалардан үзүндүлөрдү аз гана жатка айта алышы; окулган чыгарманы өзүнүн жеке турмушу, жалпы эл турмушу менен байланыштырууда жетешсиздиги; окулган чыгарманынын негизинде дил баян, эссе, доклад ж.б. жазуу иштерин жүргүзө алууда кээ бир кемчилдиктердин болушу |
| **Төмөнкү**<br>**1-4 балл** | Окуучулардын класстан тышкаркы окуу боюнча программа сунуш кылган чыгармаларды толук билбеши, аларды мектепте окутулган чыгармалар менен байланыштыра албоосу, адабий чыгармадагы мазмун, сюжет, образдар тууралуу түшүнүктөрүнүн жоктугу, алардын тектик, түрлүк, жанрдык айрымачылыктарын билбеши, кээ бир чыгармалардан үзүндүлөрдү жатка айта албашы; окулган чыгарманы өзүнүн жеке турмушу, жалпы эл турмушу менен байланыштыра албашы; окулган чыгарманынын негизинде дил баян, эссе, доклад ж.б. жазуу иштерин жүргүзө албоосу. |

Бул текшерүүгө алты мектептен 211 окуучу катышты. Жыйынтык төмөнкүдөй болду. Төмөнкүдөй суроолор жана тапшырмалар аткарылды.

**2.2 - таблица. Окуучуларга сунуш кылынган суроолор жана тапшырмалар (баары элүүдөн ашык, бул жерде айрымдарын гана көрсөттүк)**

| | |
|---|---|
| 1. | М.Байжиевдин «Бир тоголок самын» аңгемесинде сүрөттөлгөн мезгилге мүнөздөмө |
| 2. | М.Гапаровдун «Жылына эки ирет гүлдөөчү алмалар» аңгемесиндеги каармандардын образдары |
| 3. | Т.Сыдыкбековдун «Сагынбадымбы» аңгемесиндеги реалдуу дүйнө жана түш дүйнөсү |
| 4. | Ж.Мамытовдун лирикаларындагы лирикалык каармандын образы |
| 5. | К.Каимовдун «Омор агай» аңгемесиндеги тагдыр темасы |
| 6. | Ш.Дүйшеевдин ырларынын тилдик бөтөнчөлүктөрү: эпитет жана салыштыруу ж.б. |

**2.3 - таблица. Экспериментке чейин окуучулардын класстан тышкаркы окуу ишмердүүлүгү боюнча өздөштүрүүлөрүнүн деңгээли (пайыз менен)**

| Деңгээлдер | Пайыздар |
|---|---|
| Жогорку | 33 % |
| Ортоңку | 43 % |
| Төмөнкү | 24 % |

Мына ошондон кийин эксперименттин 2-изденүүчү (аныктоочу) этабында, б.а. 2014-2016-жылдарда класстарды эки топко бөлүп алдык: 1-топ – байкоо тобу, ага 139 окуучу катышты, экинчи топ – эксперименттик топ, ага 146 окуучу тартылды.

Байкоо тобунун окуучуларына класстан тышкаркы окууну кадимки мугалимдер өз методикасын менен өтүштү. Ал эми эксперименттик топтор менен төмөнкүдөй методикалык иштер жүргүзүлдү:

1. Атайын класстан тышкаркы окуу үчүн өркүндөтүлгөн программа түзүлүп, ал Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин коллегиясында бекитилип, ошол нормативдик документ менен чыгармалар сунушталды.
2. Класстан тышкары окуу боюнча хрестоматия түзүлүп, ал басмадан чыгарылып, эксперименталдык класстар үчүн окутуу практикасына берилди.
3. Мугалимдерге класстан тышкаркы окууну уюштуруу жана өткөрүү боюнча орус методисттеринин эмгектери китепче түрүндө чыгарылып берилди.
4. Эксперимент жүргүзүп жаткан мугалимдердин электрондук почталарына орус жана башка элдердин мугалимдеринин класстан тышкары окуу боюнча өткөн сабактарынын видеожазуулары жөнөтүлүп жана алар талдоого алынып турду.
5. Экспериментатор мугалимдерге атайын семинар, тренинг, конференция, ачык сабактар ж.б. иш чаралар системалуу түрдө өткөзүлдү.

6. Заманбап технологияларды (интернет, слайд, анимация, мультимедия, ролик, интерактивдүү оюндар ж.б.) кеңири колдонууга мүмкүнчүлүк берилди ж.б.

Ошентип, педагогикалык эксперименттин изденүүчү (аныктоочу) деп аталган этабында – 2017-2019-жылдарда класстан тышкаркы окуу боюнча жыйынтык чыгардык.

**2.4 - таблица. Эксперименттин жыйынтыгында окуучулардын класстан тышкаркы окуу боюнча өздөштүрүүлөрүнүн деңгээли**

| **байкоо тобу** | | | **эксперименттик топ** | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Төмөнкү | ортоңку | жогорку | төмөнкү | ортоңку | Жогорку |
| 20% | 61% | 19% | 14% | 49% | 37% |

2.4-таблицадан көрүнүп тургандай, байкоо тобунда төмөнкү көрсөткүч 20% болсо, эксперименттик топто 14% болду, ал эми ортоңку көрсөткүч байкоо тобунда 61%, эксперименттик топто 49%ды түздү, жогорку деңгээл байкоо тобунда 19% болсо, эксперименталдык топто 37% болуп, айрымасы 18%ды түздү. Мына ушул айрырма биздин методикалык сунуштарыбыздын эффективдүүлүгүн көрсөттү.

**2.5 - таблица. Класстан тышкаркы окулган чыгармалар боюнча окуучулардын өздөштүрүү деңгээли (тажрыйбанын 3-этабындагы IX класстын көрсөткүчү)**

| **Чыгармалар** | **Топтор** | **Окуучулардын жалпы саны** | **Жооптордун типтери** | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Суроолор-го толук жооп берген-дер (баасы - «5») (саны, пайызы) | | Суроолор-го анча толук эмес жооп бергендер (баасы - «4») (саны, пайызы) | | Суроо-лорго туура жооп берүүдө жаңыл-гандар (баасы - «3» ) (саны, пайызы) | | Суроолор-го жооп бере албаган-дар (баасы - «2») (саны, пайызы) | |
| | | | **САНЫ** | **ПАЙЫЗЫ** | **САНЫ** | **ПАЙЫЗЫ** | **САНЫ** | **ПАЙЫЗЫ** | **САНЫ** | **ПАЙЫЗЫ** |
| **Э.Ибраев «Жан дүйнө жаңырыктары»** | Э | 122 | 36 | 30 | 53 | 42 | 24 | 20 | 7 | 6 |
| | Б | 98 | 26 | 27 | 37 | 37 | 26 | 27 | 9 | 9 |
| **К.Каимов «Омор агай»** | Э | 122 | 42 | 34 | 49 | 40 | 24 | 20 | 7 | 6 |
| | Б | 98 | 28 | 29 | 31 | 32 | 29 | 29 | 10 | 10 |
| **М.Байжиев «Бир тоголок самын»** | Э | 122 | 44 | 36 | 51 | 42 | 18 | 15 | 9 | 7 |
| | Б | 98 | 23 | 23 | 35 | 36 | 31 | 32 | 9 | 9 |
| **А.Саспаев** | Э | 122 | 41 | 34 | 48 | 39 | 25 | 20 | 8 | 7 |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **«Кайнене»** | Б | 98 | 22 | 22 | 26 | 27 | 40 | 41 | 10 | 10 |
| **Ж.Мамытовдун ырлары** | Э | 122 | 42 | 34 | 44 | 36 | 25 | 21 | 11 | 9 |
| | Б | 98 | 27 | 28 | 31 | 32 | 31 | 32 | 9 | 8 |

Э. Ибраевдин «Жан дүйнө жаңырыктары» деген чыгармасы боюнча эксперименталдык класстарда (э) байкоо класстарына (б) салыштырганда толук жооп бергендер, б.а. «5» алгандар 10 %га жогору болсо, такыр жооп бере албагандар, б.а., «2» алгандар 3%га аз болду.

К. Каимовдун «Омор агай» деген аңгемеси боюнча эксперименталдык класстарда (э) байкоо класстарына (б) салыштырганда толук жооп бергендер, б.а. «5» алгандар 14%га жогору болсо, такыр жооп бере албагандар, б.а., «2» алгандар 4%га аз болду.

М. Байжиевдин «Бир толголок самын» деген чыгармасы боюнча эксперименталдык класстарда (э) байкоо класстарына (б) салыштырганда толук жооп бергендер, б.а. «5» алгандар 21%га жогору болсо, такыр жооп бере албагандар, б.а., «2» алгандар 2%га аз болду.

А. Саспаевдин «Кайнене» деген чыгармасы боюнча эксперименталдык класстарда (э) байкоо класстарына (б) салыштырганда толук жооп бергендер, б.а. «5» алгандар 19%га жогору болсо, такыр жооп бере албагандар, б.а., «2» алгандар 3%га аз болду.

Ж. Мамытовдун лирикалык ырлары боюнча эксперименталдык класстарда (э) байкоо класстарына (б) салыштырганда толук жооп бергендер, б.а. «5» алгандар 15%га жогору болсо, такыр жооп бере албагандар, б.а., «2» алгандар 1%га аз болду.

Ошентип, биздин эксперименттердин жалпы жыйынтыгы 15,8%га сапаттык өсүш берип, методикалык сунуштарыбыз оптималдуу экендигин көрсөттү.

**«Мектепте кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасы»** деп аталган үчүнчү баптын биринчи параграфы «*Адабияттык окуу курсунда (V-VII класстар) класстан тышкаркы окутууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн ыкмалары жана жолдору»* деп аталат. V-VII класста окуган окуучулар өз каалоосу жана өзгөчө кызыгуулары менен окурмандык күндөлүктөр жазып жүрүшөт, иште аны жүргүзүү методикасы көрсөтүлөт. Анда окулган чыгармалар боюнча тартылган иллюстрациялар, кыскача аннотациялар, китептин айрым бир таасирдүү жерлеринен үзүндүлөр, сабакка байланыштуу адабий оюндар, класстан тышкаркы окууга арналган ар бир үй тапшырмасы үчүн тартылган кооз сүрөттөргө толгон альбомдор жасалат. V-VII класста окуучулардын окуу кызыкчылыгы интенсивдүү өнүгөт да, балдар адабиятын, балдарга арналган чыгармаларды гана окубастан, «чоңдор» адабиятына, сүйүү-махабат темасына да кызыгуусу пайда болот, ошондой китептерди издеп калат, мына ушул өзгөчөлүктөн пайдаланып, окурмандык кызыгууларын классикалык адабиятка буруп турушубуз керек.

Диссертациянын бул бөлүмүндө V класста Түгөлбай Сыдыкбековдун «Сагынбадымбы» деген аңгемесин үйрөнүүнүн ыкмалары кеңири баяндалат.

Анда ролдоштуруп окуу, түйүндүү сөздөр менен иштөө, чыгарманын тили, андагы пейзаждык сүрөттөөлөр, диалог, түштүн чыгарманын идеялык-стилдик контексттиндеги орду өзгөчө талдангандыгы көрсөтүлөт. Андан ары Ош шаарындагы №52 «Кыргыз-түрк достугу» атындагы мектеп-лицейинин кыргыз тили жана адабияты мугалими Илгиз Шамырзаевдин ушул чыгарма боюнча сабагына талдоо берилет. Ал сабактын өзгөчөлүктөрү: туура пландаштырылгандыгы; тексти үйрөнүүгө басым жасалгандыгы; мугалим менин бирдей эле окуучулардын активдүүлүгү ишке ашкандагы; жазуучу тууралуу маалымат слайд аркалуу чагылдырылгандыгы; сабактын жандуулугу.

*«VIII-IX класстарда класстан тышкаркы окууну өткөрүүнүн методикалык өзгөчөлүктөрү»* аттуу параграфта класстан тышкаркы окуу өз алдынча чыгарма менен таанышуу аркылуу үй-бүлөгө аяр мамиле жасоого да үйрөтө тургандагын, учурдагы көйгөйлөрдүн бири бул – үй-бүлө жана анын бузулушу экендиги айтылып, аталган маселени окуучуларга туура түшүндүрүү максатында Ош шаарындагы №18 мектеп-лицейинин VIII класстарында Мурза Гапаровдун «Эки ирет гүлдөөчү алмалар» аттуу аңгемесинин негизинде класстан тышкаркы окуу сабагынын жүрүшүн бердик. Текст менен иштөөдөгү «автордук кресло» деген окутуу усулун колдонуунун технологиялары көрсөтүлдү. Класстан тышкаркы окулган чыгармалар боюнча биз сунуштаган сабактардын формалары жана усулдары: эссе, маектешүү (интервью) ыкмасы, кадамдарга бөлүп окутуу. Мына ушул жолдор менен Шайлообек Дүйшеевдин «Чөп чабык», «Кеч», «Таң», «Аптап», «Карагайчы кемпир», Абдыкерим Муратовдун «Күн эжей», Эсенгул Ибраевдин «Жан дүйнө жаңырыктары», Өскөн Даникеевдин «Ата жыты», Касым Каимовдун «Омор агай», Аман Саспаевдин «Кайнене» деген чыгармаларын окутуунун методикалык көп түрдүүлүгү ачып берилет. Ал ыкмалар жана жолдор: аңгемелешүү; көркөм окуу; кино көрүү жана талдоо; спектакль көрүү жана талдоо; семинар; лекция; викторина; сканворд; экскурсия; диспут-сабак; окурмандар конференциясы; автор менен адабиятчылар менен жолугушуу ж.б. Сабакта окуучулардын өз алдынчалыгына өзгөчө маани берүүчү топтор менен иштөө, индивидуалдык тапшырмаларды аткаруу, предметтерди интеграциялоо, интерактивдүү технологияларды пайдалануу, искусствонунун башка түрлөрүн колдонуу, окуучулардын бири-биринин иштерин талкуулоо, дил баян, эссе, доклад ж.б. формаларын улам жаңылап, алмаштырып колдонуп туруу максатка ылайыктуу экендиги айтылды.

*Класстан тышкаркы окууну өткөрүүнүн педагогикалык шарттары»* деген параграфта төмөнкүдөй педагогикалык шарттар сөзсүз эске алынууга тийиш экендиги аныкталды: а) класстан тышкаркы окуунун материалдарды класста окулган материалдар менен проблемалык-тематикалык, тарыхый-адабий жактан байланыштыруу; б) бул сабактарды ырааттуу өткөрүү, б.а., үзгүлтүккө учуратып койбоо; в) класстан тышкаркы окуу сабагын уюштурууну жогорку деңгээлде жүргүзүү: китептер менен камсыздоо; сабакка окуучуларды толук катыштыруу; заманбап технологияларды колдонуу; класс кабинетин толук даярдоо; башка мугалимдерди, окуу бөлүмүнүн башчысын сабакка катыштыруу; г) класстан тышкаркы окууну класстык окуу менен гана эмес,

класстан жана мектептен тышкаркы ар кандай окуу ишмердүүлүктөрү менен байланыштыруу, алар: адабий ийрим, драмалык ийрим, адабий-тарыхый жерлерге край таануу экскурсиялары, чыгармачылык кечелер, жолугушуулар, мектеп, шаар (айыл) китепканаларындагы китеп окуу конференциялары, газета-журнал чыгаруу, слайддарды, фильмдерди тартуу жана жасоо ж.б.; д) класстан тышкаркы окуунун ар бир сабагын кандайдыр бир максатка байланыштыруу, милдеттерди, каражаттарды, өтүлүү ордун так аныктоо; ж) класстан тышкаркы окулган чыгармаларды дүйнөлүк жана орус адабияты менен, кыргыз тили, география, тарых ж.б. предметтер менен интеграциялап талдоо; з) класстан тышкаркы окулган чыгармаларды үйрөнүү процессинде окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгүн, дүйнөгө гуманисттик көз карашын, эстетикалык табитин өстүрүүгө, инсандык сапаттарын туура калыптандырууга өзгөчө маани берүү; к) класстан тышкаркы окуу үчүн чыгармаларды тандоодо алардын идеялык-тарбиялык маанисине, балдардын кызыгууларына дал келишине өзгөчө маани берүү. Ушундай педагогикалык шарттарды ырааттуу жана чыгармачылык менен максатка ылайык жүргүзүп баруу орто мектепте кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окуу ишмердүүлүгүнүн үзүрүн көрүүгө мүмкүнчүлүк түзүп берери бул бөлүмдө тастыкталат.

*«Класстын тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн принциптери, дидактикалык талаптары жана окуучулар ээ болуучу компетенттүүлүктөр»* аттуу параграфта төмөнкүдөй принциптер көрсөтүлөт: үзгүлтүксүз өткөрүп туруу (регулярность); максатка ылайык жүргүзүү; чыгармачылык менен колдонуу; уюштурууга жана өткөрүүгө педагогикалык жактан жетекчилик кылуу; чыгармалардын тарбиялык таасирин алдыга коюп чыгуу принциби. Бул прициптер менен окуучулар: биринчиден, жолдошторун угууну жана алар менен талашып-тартышууну үйрөнөт; бул же тигил чыгармага, каарманга карата көпчүлүктүн пикирине өз пикирин кошууну үйрөнөт ж.б. Ушулардын баары окуучуларды коллектив ичинде болууга, өз оюн тартынбай айтууга, пикирлерин башкалардын ойлору менен салыштырууга тарбиялайт, ошол эле кезде изденүүчүлүк иш-аракеттери, эмгекчилдиги өсөт.

*«Класстын тышкаркы окууну уюштурууга жана өткөрүүгө коюлган дидактикалык принциптер»* деген бөлүмчөдө педагогиканын классиктери тарабынан иштелип чыккан жана улам мезгил өткөн сайын алымча-кошумчалар киргизилген дидактиканын принциптери жана талаптары кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окутуу процессинде да мугалимдин чыгармачылык ишмердүүлүгүндө жетекчиликке алынары айтылат. Эмгекте чагылдырылган дидактикалык принциптер: уланууучулук же уланмалуулук; акыл-эстүүлүк жана активдүүлүк; көрсөтмөлүүлүк; ырааттуулук; жеткиликтүүлүк; бышыктык (бекемдик) принциптери.

*«Класстан тышкаркы окуу аркылуу окуучулардын компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун методикасы»* аттуу бөлүмчөдө адабий-теориялык, кептик-коммуникативдик, социомаданий, этномаданий компетенттүүлүктөр жана аларды калыптандыруунун критерийлери, шарттары, методикалык өзгөчөлүктөрү ачып берилет.

## КОРУТУНДУ

Кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окууну уюштуруу жана өткөрүү проблемасын изилдөө кыргыз педагогика илиминдеги актуалдуу маселелердин бири болуп, анын башкы максаты – окуучуларды китеп окууга, адабий чыгармаларды талдоого, түшүнүүгө жана ошолор аркылуу аларды адептүүлүккө тарбиялоого, аң-сезимин жогорулатууга салым кошууга, тилдик байлыктарын жана эстетикалык табитин өстүрүүгө көмөктөшүүчү адабият мугалимдеринин методикалык базасын жогорулатуу.

Эмгекте алдын ала коюлган божомолду жана милдеттерди, максатты ишке ашыруу үчүн жалпысынан төмөнкүдөй *жыйынтыктарды* чыгардык:

**Биринчи милдет** темага байланыштуу теориялык-методологиялык адабияттарды талдоо, кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окууну уюштуруунун, өткөрүүнүн жалпы абалын жана проблемаларын аныктоо болгондуктан окутуунун бул формасы учурдагы кыргыз мектептери үчүн өтө зарыл экендиги ырасталды. Кыргыз адабиятынан билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын талаптарына ылайык класстан тышкаркы окуу бирдиктүү адабий билим берүү концепциясын ишке ашырууда, адабияттан класстык жана класстан тышкаркы окуунун биримдигин сактоодо ырааттуу жана үзгүлтүксүз иш жүргүзүүнүн зарылдыгын көрсөттү.

**Экинчи милдет** кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы жүргүзүлүүчү иштердин мазмунун өркүндөтүүнүн жолдорун сунуштоо болгон, бул багытта класстан тышкаркы окуу программаларынын, окуу китептеринин тарыхы, азыркы абалы үйрөнүлдү, ушуга чейин окуу программалары илимий негизде, системалуу түзүлбөгөндүгү, бул окуу ишмердүүлүгүнө формалдуу мамиле кылынгандыгы аныкталды, биринчи жолу өз алдынча атайын вариативдүү окуу программасы жана окуу-хрестоматиясы түзүлдү, аларда класстан тышкаркы окуунун материалдары ырааттуу жана заманбап талаптарга ылайык жайгаштырылды.

Кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы иштерди уюштуруунун, өткөрүүнүн формаларын, каражаттарын, окуучуларга жеткирүүнүн методикасы иштеп чыгуу жана өркүндөтүүнүн жолдорун сунуштоо диссертациябыздын **үчүнчү милдети** болгон. Класстан тышкаркы окуу окуучулардын атуулдук активдүүлүгүн, руханий баалуулуктарын жогорулатууга шарт түзөт, аны үчүн мугалим окуучулар үчүн кызыктуу методикалык ыкмаларды жана жолдорду таап, сабактарын илимий аппараттар менен жабдып, окутуунун жалпы дидактикалык принциптерине таянып жүргүзүп, окуучуларга адабий билим берүүнү инсанга багыттап, алардын компетенттүүлүктөрүн калыптоого өзгөчө маани бериши керек.

**Төртүнчү милдетке** ылайык иштелип чыккан методикалык сунуштардын оптималдуулугун илимий-эксперименталдык жол менен негиздөө аркылуу биздин класстан тышкаркы окууну уюштуруу жана өткөрүү ыкмаларыбыз адабий билим берүүдө ишмердүүлүктүн бул формасы окуучулардын адабий-теориялык, тилдик-коммуникативдик, этносоциалдык, этномаданий компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга салым кошо турган методикалык

система экендигин көрсөттү жана бул алдын ала коюлган божомолдун туура экендиги эксперименттер аркылуу далилденди.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Биздин изилдөөдөн улам кыргыз адабиятынан класстан ташкыркы окуу ишмердүүлүгүнө ББжИ министрлиги, Кыргыз билим берүү академиясы өзгөчө маани берүүгө тийиш экендиги тастыкталды. Класстан тышкаркы окуу боюнча чыгармачыл мугалимдер тарабынан альтернативдүү программаларды иштеп чыгып, сынактан өткөрүп туруунун зарылдыгын белгилейбиз. Бул окуу формасы үчүн зарыл болгон хрестоматияларды, адабият таануу багытындагы эмгектерди жарыялоо жана мугалимдерге жеткирүү учурдун талабы. Класстан тышкыркы окуу боюнча методикалык колдонмолорду, алдыӊкы тажрыйбаларды жыйынтыктаган китептерди чыгаруу зарыл ж.б.

Биздин диссертация класстан ташкыркы окуу боюнча эӊ алгачкы эмгек, бул тема ар түрдүү багыттарда дагы тереӊдетилет деп ойлойбуз.

### Диссертациянын мазмуну төмөнкү эмгектерде чагылдырылган:

***Монография***

1. **Музулманов, М.У.** Мектепте класстан тышкаркы окууну уюштуруунун методикасы: монография [Текст] / М.У. Музулманов. - Бишкек, 2021. - 192 б.

***Усулдук колдонмолор***

2. **Музулманов, М.У.** Кыргыз адабияты 5-9: класстан тышкаркы окулуучу чыгармалардын хрестоматиясы [Текст] / К.К. Акматов, М.У. Музулманов. - Бишкек, 2017. - 258 б.
3. **Музулманов, М.У.** Класстан тышкаркы окууну уюштурууга усулдук сунуштар [Текст]: мугалимдер үчүн илимий-усулдук колдонмо / М.У. Музулманов. - Ош, 2021. - 92 б.
4. **Музулманов, М.У.** Класстан тышкаркы окууну уюштуруу: окурмандын күндөлүгү. Мугалимдер үчүн илимий-усулдук колдонмо [Текст] / М.У. Музулманов. - Ош, 2021. - 116 б.

***Илимий макалалар***

5. **Музулманов, М.У.** Класстан тышкаркы окууну уюштуруунун педагогикалык шарттары [Текст] / М.У. Музулманов // И.Арабаев атындагы КМУ жарчысы. – 2017. – №1 – 83-87-бб.
6. **Музулманов, М.У.** Мектептерде класстан тышкаркы окууну уюштурунун жана өткөрүүнү методологиялык негиздери [Текст] / М.У. Музулманов // И.Арабаев атындагы КМУ жарчысы. – 2017. – № 1. – 80-83- бб.
7. **Музулманов, М.У.** 8-9-класстарда класстан тышкаркы окууну өткөрүүнүн методикалык өзгөчөлүктөрү [Текст] / М.У. Музулманов // И.Арабаев атындагы КМУ жарчысы. – 2018. – № 2. – 73-77-бб.
8. **Музулманов, М.У.** Кыргыз адабияты сабагында класстан тышкаркы окууну уюштуруунун айрым маселелери [Текст] / М.У. Музулманов // И.Арабаев атындагы КМУ жарчысы. – 2017. – № 1. – 233-237-бб.
9. **Музулманов, М.У.** Effective Methods and Techniques of Study of Autobiographical Fiction in Senior Forms of a Secondary School [Текст] / К.К. Акматов, М.У. Музулманов, А.Ж. Муратов // Journal of History Culture and Art

Research Tarih Kültür ve Sanat Araştırmaları Dergisi - Vol. 8, No. 2. - 2019. – P. 102-113.

10. **Музулманов, М.У.** Класстан тышкаркы окууну уюштуруунун изилдениш тарыхы [Текст] / М.У. Музулманов // ОшМУ жарчысы. – 2019. – № 3. – 221-227- бб.

11. **Музулманов, М.У.** Aitmatov’s Characters Infusing the Heart of a Child with the Good and Their Study at School [Текст] / А. Маматова, Б. Зулуев, М.У. Музулманов // Lecture Notes in Networks and Systems. - 2020. - T. 129. - P. 982-990.

12. **Музулманов, М.У.** Класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн максаты, милдеттери [Текст] / М.У. Музулманов // И.Арабаев атындагы КМУ жарчысы. – 2020. – Атайын чыгарылыш. – 64-68-бб.

13. **Музулманов, М.У.** Класстан тышкаркы окуу – кыргыз адабияты сабагында жетишкен билимдерди реализациялоннун тажрыйба аянтчасы [Текст] / М.У. Музулманов // И.Арабаев атындагы КМУ жарчысы. – 2020. – Атайын чыгарылыш. – 68-72-бб.

14. **Музулманов, М.У.** Внеклассное изучение образа учителя в романе Жуная Мавлянова «Ясное небо» [Текст] / М.У. Музулманов, А. Маматова, З. Раимбердиева // Бюллетень науки и практики. – 2020. – №2. – С. 302-309.

15. **Музулманов, М.У.** Класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн максаты, милдеттери [Текст] / М.У. Музулманов М., А. Адылбекова // ALATOO ACADEMIC STUDIES – 2021. – №2 . – 85-91-бб.

**Музулманов Мелисбек Узеновичтин «Мектепте кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасы» аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**


## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** класстан тышкаркы окуу, компетенттүүлүк, окутуунун методдору, окуу программалары, хрестоматия, этномаданият, текст, текстти талдоо.

**Изилдөөнүн максаты:** класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикалык негиздерин иштеп чыгуу, аларды колдонуунун жолдорун жана ыкмаларын аныктоо, алардын натыйжалуулугун педагогикалык тажрыйбада текшерүүдөн өткөрүү.

**Изилдөөнүн объекти** – орто мектептердин V-IX класстарында кыргыз адабиятын окутуу процесси.

**Изилдөөнүн предмети** – орто мектептин V-IX класстарында кыргыз адабияты предметинде класстан тышкаркы окуу иш-аракеттери.

**Изилдөөнүн методдору:** теориялык-методологиялык талдоо; нормативдик документтерди окуп үйрөнүү; байкоо, анкета, тестирлөө, аңгемелешүү, тажрыйбаларды үйрөнүү, анализ, педагогикалык эксперимент.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** Класстан тышкаркы окууну уюштуруу жана өткөрүүнүн методикасы заманбап талаптарга ылайык аныкталгандыгында; класстан тышкаркы окутуунун мазмунун өркүндөтүүнүн мүмкүнчүлүктөрү ачылгандыгында; окуучулардын класстан тышкаркы окуу процессинде ээ болуучу адабий-теориялык, тилдик-коммуникативдик компетенттүүлүктөргө жетишүүнүн жолдору көрсөтүлгөндүгүндө; окуучулардын окурмандык кызыгууларын класстан тышкаркы окутуу аркылуу жогорулатуунун технологиялары иштелип чыккандыгында; класстан тышкаркы окутууну уюштуруунун жана өткөрүнүн методикасы тажрыйбалык-эксперименттик иштин жыйынтыктарынын негизинде текшерилип, натыйжалуу деп эсептелингендери практикага сунушталгандыгында.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** Эмгектеги методикалык сунуштар кыргыз адабияты боюнча окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду түзүүдө, университеттердин «Кыргыз адабиятын окутуу» дисциплинасынын мазмунун өркүндөтүүдө, мектеп мугалимдеринин адистигин жогорулатуу курстарында, мугалимдердин чыгармачылыгык ишмердүүлүгүн көтөрүүдө пайдаланылышы мүмкүн. Диссертацияда коюлган милдеттердин жыйынтыктары окуучулардын окурмандык кызыгуусун, адабий көркөм табитин жогорулатууга жардам берет.

**РЕЗЮМЕ**

**диссертации Музулманова Мелисбека Узеновича на тему: «Методика организации и проведения внеклассного чтения по кыргызской литературе в школе» на соискание ученой степени кандидата педагогических наук по специальности 13.00.02 – теория и методика обучения и воспитания (кыргызская литература)**


**Ключевые слова:** внеклассное чтение, компетентность, методы обучения, учебные программы, хрестоматия, этнокультура, текст, анализ текста.

**Цель исследования** – разработка методики организации и проведения внеклассной учебной работы по кыргызской литературе в школе, определение способов и методов их использования, проверить и рекомендовать на практике.

**Объект исследования** – процесс обучения кыргызской литературы в V-IX классах средней школы.

**Предмет исследования** – внеклассная учебная деятельность по предмету кыргызская литература в V-IX классах средних школ.

**Методы исследования -** теоретико-методологический анализ, изучение нормативных документов; наблюдение, анкетирование, тестирование, собеседование, интервью, изучение опыта, анализ, педагогический эксперимент.

**Новизна исследования.** Впервые в методике обучения кыргызской литературы методика организации и проведения внеклассного чтения определена в соответствии с современными педагогическими требованиями; раскрыты возможности совершенствования содержания внеклассного чтения; показаны пути достижения учащимися литературно-теоретических, языково-коммуникативных компетенций во внеклассном учебном процессе; разработаны технологии повышения интереса учащихся к чтению через внеклассные чтения; методика организации проведения внеклассного чтения разработана с учётом периодов истории кыргызской литературы и возрастных особенностей учащихся; предложенные современные методические приемы, пути, средства проверены, апробированы по итогам опытно-экспериментальной работы и рекомендованы к применению в практической деятельности.

**Практическая значимость исследования:** материалы, общие положения исследования, методические рекомендации могут быть использованы в создании учебных программ, учебников и методических пособий, обновлении и совершенствовании содержания курса «Обучение кыргызской литературы», на курсах повышения квалификации учителей школ, в повышении творческой деятельности учителей. Результаты исследования будут способствовать повышению читательского интереса учащихся, формированию у них художественного вкуса.

**Dissertation research of Muzulmanov Melisbek Uzenovich on «Methodology for organizing and conducting extracurricular reading on Kyrgyz literature at school», presented for the degree of candidate of pedagogical sciences in the specialty of 13.00.02 - theory and methodology of teaching and upbringing (Kyrgyz literature).**

## ABSTRACT

**Key words:** extracurricular reading, competence, teaching methods, curricula, reader, ethnoculture, text, text analysis.

**The aim of the research:** development of methodological bases for organizing and conducting extracurricular reading on Kyrgyz literature, determining ways and methods of their use, testing their effectiveness through pedagogical experience.

The object of the research the process of teaching Kyrgyz literature in the 5th-9th grades of secondary school.

The subject of the research extracurricular educational activities on the subject of Kyrgyz literature in grades V-IX of secondary schools.

Research methods - theoretical and methodological analysis, a study of regulatory documents; observation, questioning, testing, discussion, interview, study of experience, analysis, pedagogical experiment.

**Research novelty.** For the first time in the methodology of teaching Kyrgyz literature, the methodology of organizing and conducting extracurricular reading has been identified in accordance with modern pedagogical requirements; the possibilities of improving the content of extracurricular reading have been presented; the ways for students to achieve literary-theoretical, linguistic and communicative competencies in the extracurricular educational process have been determined; technologies to increase school students' interest in reading through extracurricular readings have been developed; a methodology for organizing extracurricular reading has been developed taking into account the periods of the history of Kyrgyz literature and the age characteristics of school students; the proposed modern methodological techniques, ways, means have been tested, practiced based on the results of experimental work and are recommended for use in practice.

**Practical application of the study:** materials, general provisions of the study, methodological recommendations can be used in developing curricula, textbooks and teaching aids, updating and improving the content of the course «Teaching Kyrgyz literature», in refresher courses for school teachers, in increasing the creative activity of teachers. The results of the research will help to increase the interest of students for reading, to form their artistic taste.

Басууга кол коюлду 16.04.2021

Форматы 60×84/16. Офсет кагазы

Көлөмү 1,75 п.л., Нускасы 200 экз.

КББАнын «Окуу китеби» басма борборунда басылды
Бишкек ш., Эркиндик гүлбагы, 25
Тел.: 0(312) 62 23 68